**Колдонууга көрсөтмөлөр**

Колдонуу чөйрөсү — оториноларингология. Каражат 2 жаштан жогору балдарга жана чоңдорго ЛОР ооруларынын алдын алуу жана комплекстүү дарылоо үчүн мурун көңдөйүн сугарып жана жууп тазалоо жолу менен колдонулат. Каражат төмөнкү учурларда колдонулат:

Мурун көңдөйүнүн, мурун кошумча көңдөйлөрүнүн жана мурун-жуткучтун жугуштуу, аллергиялык жана атрофиялык мүнөздөгү курч жана өнөкөт сезгенүүсүндө (комплекстүү дарылоо жана алдын алуу максатында):

-курч жана өнөкөт риниттер (мурун агуу);

-курч жана өнөкөт синуситтер (анын ичинде гайморит);

-курч жана өнөкөт аденоидиттер;

-аллергиялык жана вазомотордук риниттер;

*Респиратордук инфекциялардын (грипп, сасык тумоо жана башкалар) алдын алуу жана комплекстүү дарылоо;

*Мурун көңдөйүндө жана кошумча көңдөйлөрүндө жасалган хирургиялык кийлигишүүлөрдөн кийин пайда болгон абалдарды алдын алуу жана комплекстүү дарылоо.

**Каршы көрсөтмөлөр**

Каражаттын курамындагы компоненттерге жеке чыдамсыздык.

**Кош бойлуулук жана эмизүү маалында колдонуу**

Кош бойлуулук жана эмизүү каражатты колдонууга каршы көрсөтмөлөргө кирбейт.

**Колдонуу ыкмасы**

Каражат интраназалдык (мурун аркылуу) колдонулат. Мурун көңдөйүн жуу күнүнө орточо эсеп менен 3–4 жолу, зарыл болсо — андан көп жүргүзүлөт. Колдонуу узактыгы жана жыштыгы чектелбейт.

**Маанилүү!** Жуу процедурасы учурунда адам дем албашы, сүйлөшпөшү жана кыйкырбашы керек.

**2 жаштан жогору балдар жана чоңдор үчүн колдонуу нускамасы:**

1.Жууну отуруп же туруп, вертикалдуу абалда жүргүзүңүз.

2.Баш түз болуп, бир аз алдыга жантайышы керек. Артка эңкейтип болбойт.

3.Баллондун учун оң мурун тешигине салыңыз.

4.Спрейди бир нече секундга басып туруңуз — бул мурундун оң тарабын жууйт.

5.Калган суюктукту мурун тазалоо (шыпыртма же аспиратор менен) аркылуу алып салыңыз.

6.Сол жак мурун көңдөйүнө ушул эле ыкма менен кайталаныз.

7.Зарыл болсо процедураны кайра кайталаңыз.

**Сактоо шарттары**

Кургак жана түз күн нурунан корголгон жерде, 5 °Сден 25 °Сге чейинки температурада сактоо керек.

Балдар жетпеген жерде сакталууга тийиш.